*УДК: 685:4.37/58*

**Исаков К.А., филос.и.к., ОшМЮИ**

# Антикалык эстетиканын тарыхый-философиялык мазмуну

*Макалада антикалык доордогу ойчулдардын эмгектериндеги жана философиялык мектептердеги эстетикага болгон концептуалдык ойлор илимий проекцияда каралган.*

***Ачкыч сөздөр:****антика, синтез, эллинизм, гармония, симметрия, универсум, хаос, логос, эквилибристика, стоик.*

*Статье рассматривается концептуалльные идеи античной эстетики в трудах мыслителей и философских школах.*

***Ключевые слова:*** *антика, синтез, эллинизм, гармония, симметрия, универсум, хаос, логос, эквилибристика, стоик.*

Кечки антикалык доордун жана орто кылымдардын баш чендеринин тарыхына жалпы назар сала турган болсок бул мезгилдерде тарыхый-маданий кыймыл өзгөчө кайталанып туруучу өнүгүү мүнөзүнө ээ экендигин байкоого болот. Анткени «Чыгыш-Батыш» маданий агымдарынын бири-бири менен болгон байланыш процесси токтобостон бирде күчөп, бирде жай жүрүп отурган. Гректердин Чыгыш элдеринин маданий жетишкендиктери менен таанышуусу эң алгач Ахмениддер мезгилине туура келгендигин тарыхый маалыматтар ырастайт. Кээ бир учурларда басып алуучулук саясат айрым элдерге прогрессивдүү жагдайларды да жараткан. Себеби, мындай жүрүштөр менен кошо «улуу маданият» басып алынган чөлкөмдүн элдеринин маданиятын байытып, өнүктүрүп турган. Маданияттардын синтезинин экинчи толкуну Александр Македонскийдин аймактарды басып алуусу менен коштолот да, «эллинизм» деп аталган дооруна туура келет. Бул мезгилде Индиянын, Ирандын, Сириянын, Орто Азиянын жана Жакынкы Чыгыштын маданий үлгүлөрү жана салттары өз ара тыгыз байланышта болгон.

Эстетиканын тарыхында Пифагордун гармония жөнүндөгү окуусу өзгөчө мааниге ээ, себеби ал бүткүл дүйнө гармониялык түзүлүштөрдөн тургандыгын айгинелеген теориялык алгачкы чыгармалардан болгон.

Гармония жаратылыштагы заттардын жана кубулуштардын ички байланышы жана карым-катышы, ансыз космос да жашоого мүмкүн эмес. Гармония пифагорчулардын түшүнүгү боюнча чындык, сулуулук, кооздук жана симметрия сыяктуу сапаттар менен мүнөздөлөт жана эң башкысы, гармония алардын ою боюнча сандык мааниге ээ, ал сан түшүнүгү менен органикалык түрдө байланышта экендигин ырасташкан.

Ар кандай заттын сандык структурасы бир бүтүн универсумду жаратуу менен жана сандык ырааттуулуктун чагылдырылышы пифагорчулар үчүн эстетикалык маалыматтардын негизи катары каралат. Сан – бул айырмалоочу белги, анын жардамы менен бытиедеги жана ой жүгүртүүдө заттарды, нерселерди жана буюмдарды бири-бирине окшоштурууга, салыштырууга жана айырмалоого болот. Демек, сан заттын бардык белгилеринин көрсөткүчү, чыгармачылык кубаты жана бир бүтүн структурасы. Аны объективдүү мааниден алып караганда ал заттын гармониялык түзүлүшү, ал эми субъективдүү мааниден алып караганда сан заттын эстетикалык кабылданышы. Тактап айтканда, жогоруда аталгандар антик дүйнөсүндөгү алгачкы эстетикалык теория болуп саналат.

Сандык гармония өзгөчө музыкалык тонго ээ болгон симметриялык ырааттуулукта жайгашкан космос жөнүндөгү жалпы антикалык окууну түзгөн. Пифагорчулар космологиянын өзүнө эстетикалык жактан мамиле жасоо сунушун киргизишкен, алар дүйнөнүн гармониялуу экендигин таануу менен ага симметриялуу геометриялык фигуранын формасын беришкен; «чөйрө гармониясы» жөнүндөгү белгилүү пифагордук окуу да ушуга байланыштуу болгон.

Пифагор жана анын окуусун улантуучулар күндү айланган кыймыл ааламга керемет музыка таратат деп эсептешкен. Алардын ою боюнча бүткүл космос гармониялык жактан куралган музыка жараткан тело. «Чөйрөнүн музыкасы» жөнүндөгү окуу – пифагордук эстетиканын эң белгилүү мотиви. Пифагор үчүн музыка математика илиминин туундусу жана анын гармониясы жана ал математикалык пропорциялар менен так көзөмөлгө алынат. Анын пикири боюнча, математика Кудай орноткон жана Ааламды бекиткен так методду чагылдырат. Пифагор музыканы так илим катары бекемдөө менен өзү тарабынан табылган гармониялык мамилелерди табияттын бардык феномендерине карата колдонгон жана планеталар, жылдыздар жана космостун элементтеринин ортосундагы гармониялык мамилелерди тапкан.

Пифагордун «чөйрөлөрдүн музыкасы» концепциясында Жер менен кыймылсыз жылдыздар чөйрөсүнүн ортосундагы интервал диапазон бир топ өнүккөн гармониялык интервал катары каралат. Планеталык – чөйрөлөрдүн ар бири – Сатурн, Юпитер, Марс, Күн ж.б. гармониялык интервалга ээ. Демек, Пифагордун ою боюнча планеталардын ар бири өз чөйрөсүнө ээ, музыкалык – сандык космос бар жана алар бири-бирине карата сандык жана гармониялуу тизмектешкен түрдө музыкалык аспап сыяктуу күүгө келет. Алар так бир тоналдуулукка жана ареттүүлүккө ээ болуу менен «чөйрөлөрдүн гармониясын» түзүшөт [1:335].

Гераклит гармонияга жаңыча түшүнүк берүүгө аракет жасаган, анын пикири боюнча, гармония бир бүтүндүктү түзгөн карама-каршы бөлүктөрдүн ички биримдиги, макулдашуусу, тең салмакташуусу. «Баары карама-каршылыктан улам жаралат, баары бүтүндүккө биригип дарыя сыяктуу агат» [5:349]. «Ажырагандар кайра биригет, ар түрдүүлөрдөн эң сонун гармония жаралат, баары карама-каршылык аркылуу пайда болот». Гераклит боюнча гармония пифагорчулардагыдай сандардан жана айрым бөлүктөрдүн биригишинен улам жаралбайт да, буюм бир бүтүндүк катары каралат. Анын эстетикасынын биринчи планына гармониянын онтологиялык түшүнүгү коюлат.

Гераклит боюнча космос кайнаган карама-каршылыктардын түбөлүк хаосу, анда түбөлүк кооптуу, бардыгын аныктоочу бытиенин музыкасы жаңырат. Гармония «ар түрдүүлүктөгү биримдик» жана «карама-каршылыктардын биримдиги» катары эсептелинет. Гераклитте гармония категориясы баа, баалуулук маанисине да ээ. Бул, айрыкча, гармониянын «жашыруун» жана «ачык» түрлөрү жөнүндөгү изилдөөлөрүндө так берилген. Космосту жогорку жана эң татынакай коохдук катары «жашыруун» гармония жана сулуулук катары элестетүүгө тийишпиз. Үстүртөдөн караганда гана дүйнө хаос катары сезилет, а чындыгында чачыранды жана кокустуктардын оюнунун артында эң кооз гармония жашырынып жатат. Бул гармониянын өзүнүн кооздук даражалары жана баалуулук өлчөм-ченемдери бар. Ушуга ылайык кудайлардын, адамдардын жана жан-жаныбарлардын сулуулуктары бири-биринен айырмаланышат жана алар сулуулуктун өз алдынча даражалары болуу менен бири экинчисине өтпөйт. Гераклит боюнча бүткүл ааламга таасири бар «Логос» абсолюттук сулуулукка ээ, ал абдан акылдуу, даанышман жана өзүн дүйнөлүк, табигый жана адамга тиешелүү процесстердин жүрүшүндө көрсөтөт [2:72].

Сократтын максатка ылайыктуулук жөнүндөгү эстетикалык окуусунда кооз нерсе башка бир кооз нерседен айырмаланат, аларда өтө көп айырмачылыктар бар, бирок алардын баарында кандайдыр бир адамды өзүнө тарткан кооздуктун окшош белгилери бар деген пикирди Сократ биринчи болуп айткан [3:348]. Бул кооздук эстетикалык идеал катары реалдуу-турмуштук көрүнүшүнөн айырмаланат деген өтө оригиналдуу эстетикалык аныктама болуп эсептелет. Сократ боюнча кооздук жана сулуулук бардык кооз буюмдарга тиешелүү болгон өзүнчө бир анык принцип, кооздук менен жакшылыктын биримдиги жөнүндөгү идеяны да Сократ биринчилерден болуп иштеп чыккан.

Сократка чейинки философияда космос ритм жана симметриянын өңүтүнөн каралган, ал эми Сократ болсо космосту логикалык өңүттөн кароого басым жасаган.

Кооздук жана сулуулук адамга жакын жана ошол эле учурда түрү суук, куник нерсе да адамга жакын болушу толук мүмкүн, ошондой эле жакшы нерсе жана көрүнүш адамга сөзсүз түрдө адамга жакшылык кылат деп бекемдөө да туура эмес. Сократ эстетикалык кооздукта адамга пайда, ырахат алып келүү принцибин, ал эми искусстводо турмуш – жашоону тууроо принцибин сунуш кылган.

Эстетикалык ой-жүгүртүүнүн андан аркы өнүгүшү эллинизм доору менен байланышкан. Грек классикасындагы байланыштуулуктун, бири-бирине болгон көз карандылыктын диалектикалык түпкүрү эллинизм доорунан башталат. Жаңы шарттарда индивидиум дифференциялаштырылган жана өз алдынча субъективдүү психика менен калыптанат. Өзүнө өзү терең анализ жасоого умтулган субъективдүү сезимдердин жана адамдын ар тараптуу ой жүгүртүүсүнүн маданияты пайда болот. Эллинизмдик искусстводо сырткы мазмундан дээрлик ажыраган жана тереңдетип ой жүгүртүүгө багыт алган форманын атайын культу жаралган.

Эллинизм искусствосуна жана адабиятына риторика, фантастика, акылдык жана эмоционалдык эквилибристика таандык. Байыркы натурфилософиянын жана грек классикасынын материалисттик традициясы кийинчерээк теологиялык багытта кайрадан иштелип чыккан. Байыркы дүйнөнүн мифологиясына тиешелүү баёолук жана жөнөкөйлүк акырындап философияга жана диалектикага мистикалык, аскеттик жана акыл-эстин практикалык методикасына өткөн.

Алгач пайда болгон туруктуу көз караштагы эстетика (стоиктик) антикалык субъективизмдин баштапкы үлгүсү болуу менен бирге бардык объективдүүлүктү субъективдүү ой жүгүртүүлөрдүн жардамы менен гана түшүндүрүүгө гана умтулбастан субъективдүү аракеттердин жардамы менен жалпы эле адам сuктанарлык кооздукту жана көркөм чыгармаларды жаратууга аракет жасаган. Космос – бул кооздук. Бул анын формасынан, сүреттөлүшүнөн, чексиздигинен жана космостогу жылдыздардын ар түрдүүлүгүнөн даана көрүнүп турат. Адам каалаdefault, каалабаса сүрөтчү, ал жаратылыш кооздугуна кандайдыр бир деңгээлде баа берет, ал өзүн сүрөтчүмүн, чыгармачыл адаммын деп эсептебесе да кооздукту баалайт. Кооздук – бул пайдалуу да эмес, ал зыяндуу да эмес, ал «нейтралдуу». Бул нейтралдуулуктун адам кызыккан жана кызыкпаган жактары да бар. Сулуулук жана искусство материалдык жыргалчылык катары адам кызыккан нерсеге кирет. Бирок сулуулук менен кооздукка ар ким ар кандайча баа берет. Мисалы, бутактары барпайган бай түп кооз дарак өсүп турат дейли. Сүрөтчү аны көрүп сүрөтүн тартсам десе, курулушчу андан канча тактай чыгарын эсептейт, жеңил ойлор анын көлөкөсүндө же далдоосунда көңүл ачууну же дем алууну ойлосо, баарына кайдыгер адам аны отундукка кыйып алууну көздөйт, ал эми багбан аны сугарып, ашыкча бутактарын кыйып, ага кам көрөт.

Искусство – бул жаратылышты тууроо, бирок ал классикалык грек эстетикасынан айырмаланып адамдын ички методикалык умтулуусунун натыйжасы, ал эми жаратылыш кооздугу субъектиге көз каранды эмес (бирок, адам баласы жаратылыш кооздугуна кам көрүшү же тескерисинче аны бүлдүрүшү да мүмкүн). Ал эми адамдын физикалык симметриясы ички симметрия үчүн үлгү болуп саналат, ал адамдын физикалык толук кандуулугунун ажырагыс бир бөлүгү. Хриссип: «Дененин сулуулугу – бул татынакай өң-түстөгү, чың денедеги симметрия,... акыл-эстин сулуулугу – акыл менен билимдин гармониясы, ак ниеттик менен боорукердиктин үндөшүп турушу», – деп жазган [4:215]. Эстетикалык жана көркөм чөйрө баштапкы философтордо адамдын максаттуу аракетинин натыйжасы катары каралып, аны мүнөздөөүчүн «баалуулук», «жаратылыштын табигыйлыгы» терминдерин колдонушкан.

Эпикуреизм эллиндик философиянын негизги мектептеринин бири катары өзүнүн теориялык көз караштарын субъективдүүөз акылын жогорулатуу жана адам жан дүйнөсүнүн өзүн-өзү коргоо принциптеринде негиздеген. Эгер туруктуу көз караштагы философтордо (стоиктер) адамдын ички тынчтыгы жаратылышты тууравган анын акылына негизделсе, ал эми эпикур мектебинин өкүлдөрү субъективдүү өзүн-өзү

канааттандыруунун баштапкы элементи ички сезимдик толгонуулар эсептелинген. Эпикуреизмде жашоодон толук канааттануу алуу адамдын ички жана сырткы жашоосунун критерийи болгон. Канааттануу табигый болгондо, көңүлдүн токтугун камсыз кылганда жана адамга толук ырахат алып келип азап чегүүгө алып барбаганда гана өз максатына жетет, ошондо гана адам жыргалчылыкка жетүү боюнча Зевстин өзү менен талаша алат. Бирок да эпикуреизм адамга физикалык ырахат берүүнү даңктоо менен чектелген эмес, адамдын ички жан дүйнөсүнө жеңилдик берүүгө, искусство жана акыл аркылуу адамга рахат берүүнү алдыңкы пландардын бирине койгон.

Эпикуреизм адамды коркуп-үркүүгө, чочулоого, жамандыкты күтүүгө алып келген ар кандай ырым-жырымдардан жана жок нерсеге ишенүүдөн бошонууну талап кылган. Мындай жалган ишенимдер аркы дүйнөдө, кудайлардын адам жашоосуна таасир бере турган ишенүүгө алып келет деп эсептешип, сырткы таасир этүүдөн толук бошонуу үчүн кудайлардын адам жашоосуна таасир этүүсүнө ишенбөөнү талап кылышкан.

Эпикур кудайлардын бардыгын жокко чыгарбайт, алар абдан майда от атомдорунан турат дейт, эң негизгиси, кудайлар дүйнө жана адамдардын түйшүгүнө аралашпайт деп ишенет. Кудайларда эч кандай түйшүк жана тынчсызздануулар жок, алар түбөлүк жыргалчылыкта жашашат. Коздук жана жакшы жашоо башкы жыргалчылык деп эсептелингендиктен кудайлар жөнүндөгү Эпикурдун окуусу эстетикалык мүнөзгө ээ.

Эпикур адам баласындагы эстетикалык ырахатка да ишенет, бирок ал өлүмдөн, кудайлардын кубаттуулугунан, ар кандай кырсык, катастрофалардан коркпоонун натыйжасында жетишилет. Кудайлар жогоруда аталган коркунучтарды билбегендиктен Түбөлүк Кооздуктун падышачылыгында жашашат.

Адам искусствосу эпикуреизмде анча чоң мааниге ээ эмес, ал тургай кээде четке да кагылат. Көрүү жана угуу адамга кандайдыр деңгээлде ырахат тартуулайт, бирок бул көз карашка толук берилип кетүү жарабайт, себеби нагыз искусство адамдын ички жан дүйнөсүнө түздөн-түз таасир этет, анын ички дүйнөсүн, сезимин козгойт. Музыка алардын ою боюнча этикалык да, эстетикалык да мааниге ээ болгон эмес, алар музыка берген рахатты ашпозчулук берген канааттануудан жогору коюшкан эмес.

Орто кылымдагы араб-мусулман эстетикасынын калыптанышы үчүн неоплатонизм эстетикасы чоң роль ойногон. III-IV кылымдарда неоплатонизм философиясынын багыты, алардын ою боюнча, грек философиясынын акыркы этабы гана болбостон антик доорундагы жалпы ой жүгүртүүнүн жетишкендиктеринин синтези болгон.

Неоплатончулар таза ички дүйнөнүн кооздугу жөнүндөгү окууну түзүшкөн. Алардын окуусу боюнча кооздук ички дүйнөнүн материя менен болгон күрөшүнүн натыйжасында түзүлөт. Дүйнөнүн биримдиги дрижёрго гана баш ийип жана эч нерсеге алаксыбай бирдиктүү музыканы аткарган хор же оркестр сыяктуу. Жашоо – бул театр, ар бир адам – актёр, жашоо-турмушта адамдар бирде сахнага чыгып, бирде андан чыгып аткарган драма.

Плотиндин «Сулуулук жөнүндөгү» трактаты кооздук менен сулуулуктун проблемасына арналган, бул эмгегинде автор эйдос түшүнүгүн жогору коёт, себеби эйдостун нерседе чагылдырылышы жалпы кооздуктун башкы мүнөздөмөсү. Айрым предметтер өз алдынча жалгыз туруп эле кооздукка ээ болсо, айрымдары башка нерселер менен биргеликте кооздук касиетине жетише алат, мына ошондуктан бир эле нерсе өз алдынча кооз болушу да, болбошу да мүмкүн. Дене түзүлүш, келбет жана кооздук бирдей түшүнүк эмес. Нерсени кооздукка жеткирүүчү кандайдыр бир башталыш болот. Плотиндин пикири боюнча, кооздук материянын өзүндө жаралбайт, материянын кооз болушуна өбөлгө түзүүчү материалдык эмес маңыз, мазмун же эйдос жашайт. Демек, эйдос – ар кандай эстетикалык баалоонун чен өлчөмү же критерийи. Ал объективдүү түрдө жашайт, ошол эле учурда ар бир нерсенин ички маңызы менен үндөшүп турат. Мындай эйдостун көз карашынан алганда, ал материянын ичине сүңгүп кире алган предмет гана жогорку кооздукка жетише алат. Мисалы, жагымдуу музыкада эйдос ылайыктуу айкалышкан сандык гармония катары ачыкка чыгат. Жан дүйнөдөгү

чачкындуулук «акылдуу» эйдос менен башкарылат, жан дүйнөнүн ички эйдосу анын акылга умтулган эйдосу, жан дүйнөнүн сулуулугу акылдын, даанышмандыктын кенчи. Плотиндин пикири боюнча, жан дүйнө менен акылдын биримдиги бири-бирине дал келген сүйүү сыяктуу, алгач бактылуу үй-бүлө курулат, балдар төрөлүп, тукум уланат жана жашоо андан ары кетет. Бул учурда дененин сүйүүсү жан дүйнөнүн сүйүүсүнө, ал интеллектуалдык сүйүүгө өтөт. Сулуулук – бул сезим эмес, ал сүйүүнүн образы, башкача айтканда, сулуулукка жеткендиктин маани-маңыздык образы. Мына ошондуктан жаккан нерсе кооз көрүнөт же кооз нерсе адамга жагат. Неоплатончулар үчүн баарынан коозу жана сулуусу анын булагы болгон Биримдик – Жыргалчылык, андан кийинкиси Акыл, кийинки сулуулук Жан дүйнө, эң акыркы сулуулук Жан дүйнөгө баш ийген Дене.

Плотиндин пикири боюнча, кооздук иерархиялуу, «ички» эйдос иерархиялык түзүлүшкө ээ. Ал интеллектуалдуу сулуулукту гана сулуу жана кооз деп эсептейт, себеби Плотин дененин жана жан дүйнөнүн сулуулугун интеллектуалдуулукка болгон даярдык деп кабыл алат. Жалпы Биримдиктин сулуулугу – бул дүйнөлүк кооздук жана сулуулук. Жогорку Акылдын идеяларында ачыкка чыккан абсолюттук жыргалчылык так логикалык аныктамага ээ эмес. Ал баары умтулган жөн гана максат эмес, абсолюттук жыргалчылык – бул кооздук менен сулуулуктун жеткен чеги, жогорку жетишкендик жана адамга керектүүлөрдүн баарын жаратуучу улуу күч.

Нерселер жана адамдын дене түзүлүшү өзүнүн татынакай жактары менен өзүнө тарткан сыяктуу эле Жыргалчылык да башкаларга жарык чачат, түркүн түс берет, жашоонун кызыкчылыгын сездирет жана сүйүү ойготот. Сүйүүнү сезбеген жана аны башынан өткөрбөгөн Жан дүйнө Акылга жана анын кереметине кайдыгер карайт. Жыргалчылыкты башынан өткөрбөгөндүн жашоосу кунарсыз, анын Жан дүйнөсү муздак жана баарына көңүл кош мамиледе (Өтүгүң тар болсо ааламдын кеңдигинен не пайда) болору белгилүү.

Плотин зороастризм жана манихейчиликтин идеяларын улантуу менен Жыргалчылыктан келип чыгып жарык чачкан сулуулуктун эстетикасын иштеп чыгууга аракет жасаган. Бардык бытие башынан аягына чейин Жарык менен камсыз болгон; андагы биримдик жана баарына тиешелүүлүк – бул Күн. Акыл да жарык, Жан дүйнөнүн жарык же караңгы болушу Акылга байланыштуу, бизде бекеринен сабатсыз же көп нерсеге көзү жетпеген адам караңгы адам деп айтылбайт.

Неоплатонизмде ага тиешелүү болгон мистикалык сапаттар менен катар (Кудайды сүйүү, ага таазим этүү) Кудай менен дүйнөнүн биримдиги жөнүндөгү пантеизмдик идея жашайт.

Антикалык авторлорунун эмгектеринде искусствонун маңызы, эстетикалык кабыл алуунун табияты, эстетикалык тарбия берүүнүн максаты жана анын каражаттары, эстетиканын «гармония», «кооздук жана сулуулук», «ыргак», «симметрия», «өлчөм» сыяктуу негизги категорияларынын мазмуну өңдүү негизги проблемалар изилденген жана иштелип чыккан.

**Адабияттар**


1. Диоген Лаэртский. О жизни, учениях и изречениях знаменитых философов. – Москва: Мысль, 1979. – С. 571.
2. Кессиди Ф.Х. Философские и эстетические взгляды Гераклита Эфсского. – М.: 1963. – С. 72.
3. Лосев А.Ф. История античной эстетики.Т.1. – М.: Искусство, 1963. – С. 348.
4. Лосев А.Ф. История эстетической мысли. Т.1. – М.: Искусство, 1963. – С. 215.
5. Лосев А.Ф. История античной эстетики: Софисты. Сократ. Платон. – М.: Искусство, 1969. – С. 715.



**OSHGU Isakov K.A., 2015-4 docent, OshSLI**
Isakov-oshgui@mail.ru

## The historical-philosophical importance of the antic aesthetics

*In this scientific projection there were shown the conceptions of the antic epoch researchers works and at their philosophical schools according to the aesthetic.*

***Keywords:*** *antic, synthesis, ellinism, harmony, symmetry, universum, chaos, logos, equilibristic, stoic.*